Жоробек Сатылганов атындагы орто мектебинин "Көзөмөлчүлүк кеңешин түзүү жөнүндө" ата-энелер чогулушунун

# №2 Токтому

15-сентябрь 2022-жыл Кара – Ой айылы

Чогулушка катышкандардын саны: 132

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарында көзөмөлчүлүк кеңештеринин институтун чыңдоо жана социалдык отчеттуулук инструменттерин киргизүү боюнча иш чаралар планын бекитүү жөнүндө буйрук менен тааныштыруу
2. Көзөмөлчүлүк кеңештин курамын түзүү

Угулду. Күн тартибиндеги 1-маселе боюнча мектеп директору Төлөбек кызы Анара билдирүү жасады. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарында көзөмөлчүлүк кеңештеринин институтун чыңдоо жана социалдык отчеттуулук инструменттерин киргизүү боюнча иш чаралар планын бекитүү жөнүндө Ак-Талаа райондук билим берүү бөлүмүнүн 5-октябрь 2021-жыл №67 буйругунун негизинде "Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 30-май №81 Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 09.08.2021-жылдагы №1391/1 буйругун аткарууга алуу максатында:

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүу жана илим министрлигинин 09.08.2021-жылдагы №1391/1 буйругу жетекчиликке алынып, ишке ашырылсын.
2. Ак-Талаа райондук Билим берүү бөлүмүнүн алдында төмөндөгүдөй курамда Кеңешти тандоо жана түзүү боюнча комиссия түзүлсүн:
   1. Г.Нурманбетова- кеңештин төрайымы, адис
   2. Узакбаева Айзат -катчысы эсептөөчү бухгалтер
   3. Г.Алымбаева- мүчөсү, методист
   4. М.Сатындиев -кесиптик бирлик уюмунун төрагасы (макулдашуу менен)
   5. Сарыков Сыймык - Ш.Бейшеналиев атындагы орто мектебинин ата-энелер комитетинин төрагасы (макулдашуу менен)

Кыргыз Республикасынын Билим берүү уюмдарында көзөмөлчүлүк кеңештеринин институтун бекемдөө жана социалдык отчеттуулук инструменттерин киргизүү боюнча иш чаралар планы жана окутууга тийиштүү кызматкерлерди бөлүштүрүү менен иш алып баруу мектеп директорлоруна жана бала бакча башчыларына жүктөлсүн

Күн тартибиндеги 2-маселе боюнча тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары Г.Кулубаева билдирүү жасады: Көзөмөлчү кеңешти түзүү тартибинде төмөндөгүлөр мүчө боло алат:

Социалдык чөйрөдөгү мекемелерде же коомдук иште иш тажрыйбасы бар Кыргыз Республикасынын аракетке жөндөмдүү жарандары

Ишкер чөйрөлөрдүн илимий жана билим берүү уюмдарынын маданий жана социалдыкчөйрө мекемелеринин өкмөттүк эмесжана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү

Сканировано с CamScanner

комерциялык жана комерциялык эмес студенттик жана ошондой эле гуманитардык жардам көрсөткөнжеке жактар

Кеңеш 15 адамдан ашык эмес санда түзүлөт

Социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, жергиликтүү мамлекеттик администрация, жергиликтүү кеңеш социалдык чөйрөдөгү мекеме үчүн анын ведомстволук баш ийүүсүндө болгон 11 адамдан ашпаган Кеңешти тандоо жана түзүү боюнча комиссия түзүлөт. Көзөмөлчүлүк кеңештин курамын түзүү боюнча ата-энелерден сунуштарыңыздарды айткыла. Айылдык кеңештин депутаттарынан Мамбетов Амантур өзүн ылайыктуу экендигин билдирди. **Ата-энелерден:** Касымова Айзаада төмөндөгүдөй сунушун билдирди: Көзөмөлчүлүк кеңештин төрайымдыгына ата-энелер комитетинен Мааткеримова Гүлмираны көрсөттү.

Бул сунушка ата-энелер макул болуп, мүчөлөрүнө Доктурбекова Светлананы, Акматов Нурланды, сунушташып, бир добуштан колдошту.

Көзөмөлчүлүк кеңештин негизги аткарган кызматы ата-энелер коомчулугун ата-энелерден чогултулган төлөмдөрдүн киргизилиши жана аны жумшоо: ата-энелерден чогултулуучу төлөмдөрдү киргизүү, төлөмдөр боюнча жеңилдиктерди аныктоо, төлөмдөрдүн өлчөмүн сактоо, аларды максаттуу жумшоону көзөмөлдөө болуп саналат.

Жогорудагы маселелерди угуп жана талкуулап, ата-энелер чогулушу чечим кылат:

1. 2022-2023-окуу жылында Ж.Сатылганов атындагы орто мектебинде Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарында көзөмөлчүлүк кеңештеринин институтун чыңдоо жана социалдык отчеттуулук инструменттерин киргизүү боюнча иш чаралар планын бекитүү жөнүндө буйрук менен таанышып аткарууга алынсын.
2. Мектептеги Көзөмөлчүлүк кеңешинин төрайымдыгына: Мааткеримова Гүлмира;

Мүчөлөрү: Курманбек кызы Мээрим – Тоголок Молдо айыл өкмөтүнүн соцадиси;
Мамбетов Амантур – Айылдык кеңештин депутаты;
Доктурбекова Светлана – ата-энелер комитетинен;
Мүдүнова Эркингүл – ата-энелерден;
Акматов Нурлан – ата-энелерден;
Нурматова Астра – ата-энелерден;
Сарбашова Махабат-ата-энелерден
Жээнбаев Эрлан – коомчулуктан сунушталып, бир добуштан макул болгондуктан, жогорудагы аты аталган жолдоштор Көзөмөлчүлүк кеңештин курамы болуп бекитүү жагын . Ак-Талаа райондук Билим берүү бөлүмүнүн алдында Кеңешти тандоо жана түзүү боюнча комиссиясынан суралсын

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары Г.Кулубаевага калтырылсын.

Чогулуштун төрайымы,
Мектеп директору: Төлөбек кызы Анара

Катчысы,
тарбиялык иштер боюнча
директордун орун басары Г.Кулубаева

Сканировано с CamScanner